***Козубаева Б.У.***
***Кыргызская Академия Образования***

# СЫНЧЫЛ ОЙЛОМ – ДЕНИ САК УЛУТТУ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ИЙГИЛИКТҮҮ ЖОЛУ

# КРИТИЧЕСКОЕ МЫШЛЕНИЕ – УСПЕШНЫЙ ПУТЬ ФОРМИРОВАНИЯ ЗДОРОВОЙ НАЦИИ

*«Адамды туура ойлонууга» үйрөтүү – билим берүү системасынын негизги милдети.*
*Джон Дьюи*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *Сынчыл ойлом, ой-жүгүртүү, акыл-эс, билим, тесттик тапшырмалар, дени сак улут, компетентүүлүк.*

***Ключевые слова***: *Критическое мышление, мышление, сознание, знание, тестовые задания, здоровая нация, компетентность.*

Сынчыл ойлом, эмне үчүн адам сынчыл ой жүгүртүүсү керек? Мени дайыма ушул суроонун жообу кызыктырып келген. Биринчи жолу Толубай сынчы жөнүндө окуганымда анын сындоочу касиетине, Жээренче чечендин чукугандай сөз тапкандыгына, Акыл Карачачтын акылдуулугуна таң калып, суктанганмын. Айрыкча жомоктордогу оң каармандардын акылдуулук менен ар кандай абалдан жеңиш менен чыккандыгы абдан кызыктырчу. Адам кантип ушундай акылдуу боло алат? Мындай акылдуу ой-жүгүрткөн адамдар жүздөн бири гана болсо керек деп ойлончумун. Көрсө бардыгы туура ой-жүгүртүүдөн келип чыгат экен. Мен бул жыйынтыкка илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүдөн кийин келдим. Ж. Пиажеден баштап, Выготский, Штерн, Халпрен сыяктуу психолог, педагогдордун жөнөкөй тилде, түшүнүктүү, практика менен коштолуп жазылган эмгектери «Сынчыл ойломго» болгон менин көз карашымды бүтүндөй өзгөрттү. Адам акылдуу ой-жүгүртө билиш керек деп ишенгеним менен анын сынчыл ой-жүгүртүүсүнө көз карашым башка болчу. Анткени, сынчыл ойлонуу деген түшүнүктүн артында менин оюмча «окуучунун иш-аракетке, окуяга сын көз караш менен карап, жыйынтык чыгара алуу жөндөмдүүлүгү» турат эле. А эгер окуучу кайсы бир тарыхый инсандын иш-аракетин же тарыхый окуяны сындап кабыл алса, анда анын акыл-эсинде терс таасир калат. Анда бул тарыхый инсан же тарыхый окуя окуучу үчүн тарбия берүүчү, стимул болуучу функцияны аткарбай калат. Анткени, «ар бир адам уникалдуу …. ошондуктан анын жүрүш-турушу анык бир инсандык мүнөздүн топтомдорунун жыйынтыгы болуп саналат» [8. С. 185]. Мындан келип чыгып, ар бир адам башка бир адамды же кандайдыр бир тарыхый жагдай, шарттан келип чыккан коомдук иш-аракетти, өзгөрүүнү сындоого акысы барбы, а эгер сын көз караш менен карап, талкуулай турган болсо туура жыйынтык чыгара алабы? Сындап жаткан адам ошол тарыхый жагдайда, шартта, тарыхый инсандын ордунда болгондо өзүн кандай алып жүрөт эле? Деген суроонун айланасында жооп издөө менен «Сынчыл ойлом» окуучунун көз карашын туура эмес калыптандырат деп эсептегенмин. Азыр деле «Сынчыл ойлом» методунун психологиялык-педагогикалык маңызын билбей туруп колдонуу туура эмес деп ойлойм.

Бүгүнкү күндө сынчыл ойломдун ыкмалары: класстер, эки жактуу күндөлүк, «билем, билгим келет, билдим», инсерт, ж.б. колдонулганы менен биздин окуучулар абдан укмуш ой жүгүртүү деңгээлине жатпей жатат. Биз өзүбүз толук түшүнбөгөн метод менен окуучуларды окутуп жатабыз. Байкап көрсөк аталган ыкмалардын бардыгы билимди текшерүү үчүн гана колдонулууда. Эгер бул методдор баланын сынчыл ой-жүгүртүүсүн калыптандырганда анда биз, эл аралык жана республикалык деңгээлдеги тестирлөө сынактарынан (PISA, НЦТ, ОРТ, НООДУ) жакшы жыйынтык алышыбыз керек эле да. Туура, окуучулар аталган Билимди баалоо сынактарында жакшы натыйжага да жетип жатат, белгилей кетүүчү жагдай, *билимди сынаган тесттерден гана балл топтоо менен.*

Бүгүнкү күндө бардык мугалимдердин план-конспектинде: «окуучунун сынчыл ой-жүгүртүүсүн өстүрүү» деген милдетти жолуктурса болот. Бул жерде жогоруда аталган ыкмалар менен окуучунун материалды өздөштүрүүсү көздө тутулган. Бирок, материалды толук өздөштүрүп, түшүнүү – бул сынчыл ойлонуу дегендикке жатпайт. Анткени, билим бирөөлөр тарабынан ойлоп табылган, түзүлгөн материалдардын топтому. Биз билим алганда даяр материалды гана өздөштүрөбүз, бул мезгилде мээ, эс-тутум пассивдүү болуп, даяр маалыматты кабыл алат гана. Ошол эле мезгилде бул өздөштүрүлгөн билимдер сынчыл ойлоодо керек болот, т.а. билим сынчыл ой-жүгүртүүнүн негизи. Сынчыл ойлом биз көнгөн

механикалык жаттап алуудан бүтүндөй башкача. Материалды жаттап алган окуучу, материал менен иштөөдө ойлонбойт, ойлонсо да ойдун аягына жетпейт.

Мисалы, төмөнкү тесттик тапшырма*: Моголстандын биринчи ханы*

*А) Улукбек*

*Б) Темирлан*

*В) Тоглук-Тимур*

*Г) Чыңгыз хан*

Туура жообу Тоглук-Тимур. Бул жөн эле билимди текшерүүчү тапшырма. Бул жерде 28 окуучунун 14-ү «Г» вариантын белгилеген. Эмне үчүн? деген суроого берген окуучулардын жообу боюнча бул жерде Чыңгыз хан негиздеген Монгол империясы менен Моголстан бир мамлекет катары кабыл алынган. 6-су Мавернахрдын башкаруусу Темирланды, т.а. Амир Темирди тандаган, анткени, анын ысымы Тоглук-Тимурга окшоп кетет. 1-сү Улукбекти белгилеген, ал ойлонмок турсун, теманы билбегендиги көрүнүп турат. Мындан төмөнкүдөй жыйынтыкка келсе болот:

1-ден, окуучулар туура жоопту тандоо үчүн ой-жүгүрткүсү келбейт, же ойлонууну билбейт;

2-ден, тарыхый инсандарды жана мамлекеттерди бири-биринен айырмалай албайт, алардын аталышы окуучу үчүн маанилүү эмес;

3-дөн, мезгил-мейкиндикке ориентир ала алышпайт. Анткени, Чыңгыз хан менен Тоглук-Тимур жана Амир Темир ар кайсы доорлордо жашаган инсандар.

Бул тестти мисал келтиргенимдин себеби, окуучулар билимди текшерген суроолорго да араң жооп берсе, анда логикалык тапшырмаларга кантип жооп берет деген ой болду. Демек, билим берүү системасын заманбап түзүү үчүн сынчыл ойломду биринчиден, педагогикалык чөйрө терең талдап, окуп-үйрөнүп, андан соң мазмунга киргизүү зарыл. Билим берүү системасында колдонууга багыт алган компетенттүүлүктөр дагы сынчыл ойломду калыптандырууга багытталган. Аталган компетенттүүлүктөр (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик жана өзүн-өзү уюштуруу, проблемаларды чечүү) сынчыл ойломдун жалпыланган аталышы десе болот.

Сынчыл ойлом термини акыркы жылдарда психология жана педагогикада колдонула баштаганы менен анын түпкүрү Ж. Пиаже, Л.С. Выготскийлердин эмгегинен башталат. Алардын эмгегинде баланын ой-жүгүртүүсү жана тилинин өнүгүүсү изилденип, абдан баалуу маалыматтар берилген. Ошондуктан, сынчыл ойломду түшүнүүдөн мурда ой-жүгүртүү деген эмне? Анын типтери, функциялары кандай? деген суроого жооп берели.

Ой-жүгүртүү – таанып-билүүчү объекттердин ортосундагы байланышты жана мамилелерди ортоткон психикалык чагылдыруунун жалпыланган жана ортомчулук формасы [8. С. 61].

Ал эми Ушинский: «акыл-эс – пикир жүргүзүү, түшүнүү, ой жүгүртүүдөн турат» деп белгилейт [9].

Ж. Пиаже биринчи жолу балдардын психологиясын изилдеп чыгып, ой-жүгүртүүнүн эки тибин: багытталган (акылдуу) жана багытталбаган (аутисттик) ой-жүгүртүү деп атайт [6. С. 28-29]. Багытталган ой-жүгүртүү маалыматты кабыл алуу, ага жооп берүү, ойлонуу, анализдөө сыяктуу ишмердүүлүккө негизделсе, багытталбаган ой-жүгүртүү ар бир адамдын ички дүйнөсүндө гана болуучу, тил аркылуу сыртка чыкпаган ички сезим катары каралат. Мында окутуу процессинде педагог: бала менен баланын багытталган ой-жүгүртүүсүнүн негизинде байланышат. Багытталбаган ой-жүгүртүү баланын индивидуалдуу интеллектине жараша предметти же материалды кабыл алуусу болуп эсептелип, ал анын ички дүйнөсүндө калат. Ой-жүгүртүү эки стадияны басып өтөт: түшүнүккө чейин жана түшүнүү [8. С. 62]. Түшүнүккө чейинки мезгил бул баланын жаңы түшүнүккө ээ болуп, предметтердин дал келүүчүлүгүн жана аналогиялык окшоштугун эске тутуу менен ой-жүгүртүүсү. Түшүнүп ой-жүгүртүү бул акырындык менен баланын мээсинде калыптанып барат. Мисалы, кенже жаштагы окуучулардын ой-жүгүртүүсү конкреттүү түшүнүккө, ал эми өспүрүм куракта сөздүк-логикалык ой-жүгүртүүгө негизделет. Эми бала конкреттүү түшүнүктөн абстрактуу түшүнүп ой-жүгүртүүгө өтөт. Бул жерде окуучу ой-жүгүртүүсүн кандайча түшүндүрүп бере алат, бул анын сөз байлыгына жараша болот.

Выготский белгилегендей “баланын ой-жүгүртүүсү – ой-жүгүртүүнүн социалдык каражаттарына, т.а. тилге көз каранды” [2. С. 109]. Адамдын ой-жүгүртүүсү түздөн-түз тил менен байланыштуу. Биз ойлогон нерсени тилибиз менен башкаларга түшүндүрөбүз, баарлашабыз, пикир алышабыз. Сүйлөгөн мезгилде адамдын ой-жүгүртүүсү бир эле мезгилде мээде болгон маалыматтардын керектүүсүн классификациялайт жана баарлашып жаткан адамдын суроосуна жооп берүү үчүн ой-жүгүртөт. Демек, акыл-эс: 1) кандайдыр бир түшүнүккө ой жүгүртүп, анын тууралыгын текшерүү; 2) тактоо киргизүү; 3) дидактикалык жактан түшүнүктү башкаларга жеткирүү [9] менен активдүү иштеп, баарлашуу процесси жүрөт. Биз башка адамдар менен баарлашкан мезгилде эсибизде сакталып калган маалыматтар, качандыр бир алган билимибизди колдонобуз. Демек, ой-жүгүртүү түздөн-түз алынган билимге көз каранды. Эгер мээде маалыматтар жок болсо, анда ал ой-жүгүртпөйт. Ал эми алын-

ган билим канчалык деңгээлде ойлонулат? Билим менен ой-жүгүртүүнүн айырмасы эмнеде?

Билим – статистикалык түрдө биздин мээге берилет. Билим бизге жаңы билимдерди жаратышыбыз үчүн керек. Биз жаңы түшүнүк, идеялар менен таанышканда жаңы билимдерге ээ болобуз жана башка адамдар менен баарлашуу процессинде, жаңы маалыматты ой-жүгүртүп кабыл алууда колдонобуз. Демек, алынган билим активдүү психикалык процесс болуп эсептелет [7. С. 14].

Мындан келип чыгып, ой-жүгүртүүнүн түрлөрүн: теориялык, эмпирикалык, практикалык, аналитикалык, интуициялык, реалдуу, репродуктивдүү, конвергенттүү, дивергенттик жана чыгармачылык деп бөлүшөт [8. С. 64]. Бүгүнкү күндө окуучулар теориялык (илимий түшүнүктөргө таянган), реалдуу (сырткы дүйнөнү кабыл алуу), репродуктивдүү (даяр түшүнүктөргө негизделген) жана конвергенттүү (бир гана чечимди табууга негизделген) ой-жүгүртүүгө гана көнүгүшкөн. Билим берүү системасы дагы ушуга гана ылайыкталган. Биз аталган ой-жүгүртүүнүн түрлөрүн эмпирикалык (күнүмдүк, кырдаалдык жалпыланган), практикалык (конкреттүү кырдаалда маселени практикалык чечүү), аналитикалык же логикалык (так этаптар менен мезгил-мейкиндиктин алкагында ой-жүгүртүү), дивергенттик (проблемага ар тараптан анализ жүргүзүп, бир канча чечимдерди табуу) жана чыгармачылык ой-жүгүртүүнү колдонбой жатабыз. Ал эми интуициялык ой-жүгүртүү ар бир адамдын өзүнүн ой-жүгүртүүсүнө, интеллектуалдык өзгөчөлүгүнө жараша болот.

Дегиэле "сынчыл ойлом" түшүнүгүнө кандай аныктамалар берилгендигин карап көрөлү

Сынчыл ойлом – кабыл алынган факт, норма же баалуулуктарга дал келбеген ойду текшерүү максатында колдонулган акыл ишмердүүлүгүнүн ырааттуулугу [1. С. 30]

Сынчыл ойлом – бул күтүлгүчү жыйынтыкка жетишүү мүмкүндүгүн жогорулатуучу когнитивдүү техникаларды же стартегияларды колдонуу [7. С. 14].

Сынчыл ойлом - айтылган ойдун тууралыгына шек санаганда өзүбүздүн билгендерибизге же логикалык көз караштарыбызга таянып ой жүгүртүшүбүз [5].

Бул аныктамалар ар түрдүүлүгү менен айырмаланат жана анык бир чечимге келүүгө үндөбөйт. Анткени, сынчыл ойлом – көптөгөн ыкмалардын жыйындысы, ошондуктан аны аталыш катары караган туура болот го. Адам кокустан эле сынчыл ой-жүгүртүп калбайт. Бул үчүн адамдын мээси, ой-жүгүртүүсү кадимкидей көнүгүүлөрдү аткарышы керек. Мисалы, окуу процессинде сынчыл ойломдун үч стадиясы колдонулат: «Чакырык-түшүнүү-рефлексия» [10]. Биринчи стадияда кандайдыр бир маалымат аркылуу эс тутум активдешет. Андан соң ал маалыматты түшүнүү жүрөт. үчүнчү стадияда окуучу алынган жаңы маалыматты, билимди ой жүгүртүп, жаңы түшүнүк катары кабыл алат. Бир эле маалыматты ар бир окуучу ар кандай кабыл алат, т.а. ар бир инсандын ой-жүгүртүүсү өзүнүн өзгөчөлүгү менен айырмаланат.

Бул өзгөчөлүктөр: ой-жүгүртүүнүн кенендиги, тереңдиги, өз алдынчалыгы, ийкемдүүлүгү, тездиги, сынчылдыгы [8. С. 66-67]. Класста сабак өтүп жатканда муну байкаса болот. Ар бир окуучу индивидуалдуу: бирөөсү теманы өтө кенен, ар тараптан түшүнсө, экинчиси темадагы негизги окуя менен экинчи орундагы окуяларды байланыштырып, ой-жүгүртүүсүнүн тереңдиги менен өзгөчөлөнөт. Логикалык суроолорду берип, окуучунун кандай чечим кабыл алуусун текшерүүдө, бүт класстын арасынан бир же эки окуучу гана өз алдынча чечим чыгарып, ой-жүгүртөт. Кээ бир окуучулар ой-жүгүртүүсүнүн ийкемдүүлүгү менен бул же тигил көз карашка кошулуп, өз оюн тездик менен өзгөрткөндүгү менен айырмаланат. Ой-жүгүртүүсүнүн тездиги менен өзгөчөлөнгөн окуучу кандай кырдаалда, кайсы суроону берсең да жооп табуусу менен таң калтырат. Сынчыл ой-жүгүрткөн окуучу өзүнүн жана башкалардын ой-пикирлерин объективдүү талдап, бардык айтылгандарды ар тараптуу текшерип жыйынтык чыгарат. Көбүнчө сынчыл ой-жүгүрткөн окуучу өз оюн акырында айтууга көнгөндүктөн, бат сүйлөп, өз оюн ылдам айткан окуучунун көлөкөсүндө калып калат. Бирок, сезгир педагог тарабынан сынчыл ой-жүгүртүү туура бааланса, көбүнчө мындай окуучудан баалуу пикир сунушталат.

Жогоруда айткандай сынчыл ойлом алынган билимди колдоно алууга негизделет жана билимди окуучу канчалык деңгээлде кабыл алгандыгынан көз каранды болот. Сынчыл ойломдун деңгээлдери:

1) эмприкалык – фактыларды

2) теориялык – теорияларды

3) метатеориялык – нормаларды жана баалуулуктарды критикалык текшерүүдөн [1. С. 29-34] турат. Дагы бир жолу белгилей кетүүчү нерсе биз бүгүнкү күндө 1- жана 2- деңгээлди гана колдонуп жатабыз. Бирок, окуучулар фактыларды жана теорияларды критикалык текшерүүдөн өткөрө алуусу арсар. Аталган үч деңгээлди дагы колдонуунун негизинде окуучу сынчыл ойлоно алат десе болот. Мисалы, Моголстан мамлекетинин негизделүүсү жөнүндө окуучу фактыларга ээ болду дейли. Аны критикалык текшерүүдөн өт-

көрүү үчүн эмне үчүн мамлекет Моголстан мамлекети деп аталды? кайсы мамлекеттер менен коңшу жашаган? алардын негизделүү тарыхы кандай эле? салыштыруусу керек. Албетте, окуучу Орто Азиядагы орто кылымдагы бардык мамлекеттердин тарыхын жатка билүүсү милдеттүү эмес. Бирок, тапшырма менен иштөөдө: дал келтирүү, анализ, синтез, абстракция жана жалпылоо же генерализация сыяктуу ой-жүгүртүүнүн операцияларын колдоно [8. С. 65] алуусу керек. Ой-жүгүртүү кубулуштардын жана окуялардын дал келүүчүлүгүн жана ар түрдүүлүгүн аныктоо менен аларды классификациялайт. Анализ жана синтез жүргүзүү фактыларды тереңирээк түшүнүүгө негизделет. Абстракция кандайдыр бир окуянын же кубулуштун бир тарабын гана кароо, мисалы, көтөрүлүштүн келип чыгуу себептерин гана карап, анын жүрүшүн, натыйжасын көңүлдүн сыртында калтыруу. Ал эми жалпылоо бардык объекттерди бириктирип, жыйынтык чыгарууга негизделет. Мында жыйынтык окуянын же кубулуштун жалпы сапатты табуу үчүн салыштыруу, же алардын байланыштарын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо менен чыгарылат. "Моголстан мамлекети феодалдык коомдо жашаган" бул маркстын теориясынын негизинде аныкталат. Бул деңгээлди басып өтүү менен окуучу үчүнчү деңгээлге автоматтык түрдө өтөт. Анткени, феодалдык коомдогу нормаларды жана баалуулуктарды Европалык феодалдык коом, т.а. Батыш менен Чыгышты салыштыруу менен критикалык текшерүүдөн өткөрөт. Бул деңгээлдерге негизделип сабак өтүү менен окуучулардын сынчыл ойлоосун өнүктүрүп барса болот.

Сынчыл ойломду колдонгон окуучу төмөнкү сапаттарды өздөштүрүүсү керек

1. Пландаштыруу;
2. Ийкемдүүлүк;
3. Туруктуулук;
4. өз катачылыгын оңдоого даярдыгы;
5. Түшүнүү;
6. Компромисске келүүчү чечимдерди издөө [7. С. 21-22].

Сынчыл ойломдогу негизги кадам окуучу ар бир кадамын пландаштырып баруусу керек. Жаңы билимдерди алуудан баш тартпастан, "бул мага керек эмес" деген пикирден баш тартуу менен ийкемдүүлүккө көнүгүүсү шарт. Ар бир тапшырманын же милдеттин аягына чыгаруу үчүн окуучуга туруктуулук сапаты сөзсүз керек. Мисалы, Тест өткөрүүдө администратор болуп иштегенде мен төмөнкү иш-аракетке көп жолу күбө болом: берилген убакытка жетишүү үчүн окуучулар алгач билген тапшырмаларын белгилеп чыгышат. Андан соң жооп берүүгө кыйын болгон тапшырмага кайра келип, аны чечүүгө аракет кылышат. Кээ бирлери ойлонуп туура жообун табууга аракет кылышса, кээ бирөөлөрү убакыт бүтүп калбасын деп, каалаган вариантын белгилеп салышат. Албетте, экинчилерине туруктуулук жетишкен жок жана алар ойлонуудан эринди.

Бардык адам адашат, ката кетирет. Бул катачылыкты моюнга алууга көнүү керек. Албетте, "менин оюм акыркы жана туура" деген адамдар четтен чыгат. Мындай бүтүм сынчыл ойломго карай кеткен жолдогу чоң тосмо. Сынчыл ойлонгон адам дайыма өзүнүн катачылыгын моюнга алуу менен туура чечимди билүүгө, өзүнүн катачылыгынын себебин аныктоого ынтызар болуусу шарт. Биздин менталитетте жетекчинин, ата-эненин же мугалимдин гана сөзү туура, ал мыйзам деген пикир калыптанган. Албетте, сыйлоо жакшы сапат, коом дал ушул сыйлоодон жана ыймандан турат. Бирок, өзүбүздөн даражасы жана жашы чоң адам эч качан адашпайт деген бул жөн эле кошоматчылык. Ал эми ушул адашууну моюнга алуу перзенттин, окуучунун же кызматкердин алдында абройдун түшүшү эмес, жаңы өзгөрүүгө кадам. Биз өзүбүздө бул сапатты калыптандырбай туруп, окуучулардан талап кыла албайбыз.

Түшүнүү менин оюмча сынчыл ойломдогу эң негизги сапат. Анткени, бардык маселе түшүнүүдөн келип чыгууда. Ушул жерде мен Жалпы республикалык тестирлөөнүн тапшырмаларын мисал келтиргим келет. Бүгүнкү күндө билим берүү системасында колдонулуп жаткан "окуу жана түшүнүүгө" негизделген тесттик тапшырмалар коомчулукта кабыл алынбай жатат. Биз Улуттук тест жүргүзүү борборунун тапшырмаларына көнгөнбүз. Анда билим гана текшерилет. Ал эми Жалпы республикалык тестирлөөдө логика текшерилет [4]. ЖРТнын өткөрүлүп жаткандыгына он жылдай болсо да, билим берүү системасына жуурулушуп кеткен жок. Натыйжада ЖРТнын тапшырмалары "тим эле укмуш татаал". Болгону биз анын мазмунуна түшүнбөйбүз, системасы менен таанышкыбыз келбейт. Натыйжада, "баягы баягы, бай койчунун таягы" дегендей, эски укаскага таянып жүрөбүз. Талдап келгенде ЖРТнын тесттери татаал эмес, атүгүл кызыктуу. ЖРТнын тесттерин түшүнүп аны колдонуу, Халпрен белгилеген сынчыл ойломдогу "түшүнүү" сапатын калыптандыруунун эң оңой жана кызыктуу жолу.

Сынчыл ойломдо, дегиле бардык иште адамга сөзсүз чечим чыгарууга туура келет. Бул чечим бардык адамдарды канааттандыра турган чечим болушу керек. Мисалы, эмне үчүн Моголстан мамлекети кыйрап калды? деген суроого бир эле класстан бир нече жооп болушу мүмкүн. Эгер класс группада иштеп жатса, мугалим ар бир группадан бир эле жооп талап кылууда дейли. Анда окуучуларга бардык варианттарды бирик-

тирип бир чечим чыгаруу керек болот, т.а. эки-үч сүйлөмдү бир сүйлөмгө бириктирүүгө туура келет. Сынчыл ойломго ээ болуу үчүн калыптандыруучу акыркы сапат: бул абалдан группадагы эч кимди наараазы кылбай чыгып кетүүнү талап кылат.

Албетте, сынчыл ойломдо эң биринчи ойлонуп үйрөнүү маанилүү экендигин дагы бир жолу белгилеймин. Бул жөнүндө Халпрен "ойлонуп баштоодон мурда сөзсүз төмөнкү суроолорго жооп издеп баруу керектигин" белгилейт. Алар:

1. Кандай максат коюлду?

2. Эмне маалым?

3. Коюлган максатка жетүүдө бизге ой-жүгүртүүнүн кайсы ыкмалары жардам берет?

4. Коюлган максатка жеттикпи? [7. С. 25-26].

Биз бир ишти баштоодо дайыма эле максат койбойбуз. Бизден тарбия алган окуучулар дагы ушундай, бир ишти баштоодон мурда дайыма эле максат коюшпайт деп ойлоймун. Албетте, чоң иштерди баштоодо алдыбызга сөзүз максат койобуз. Бирок, күнүмдүк иштерде максат коюу маанилүү эмес деп ойлойбуз көпчүлүгүбүз. Сынчыл ойлонууну үйрөнүү үчүн дайым, ар бир нерсеге максат коюу керек. Анткени, ал кандайдыр бир иште багытты аныктоого, эмне жетишкенибизди баалоого жардам берет. Бир иш боюнча ойлонуудан мурда бизге ал жөнүндө эмне маалымдыгын аныктайбыз. Ал бир эле мезгилде эсте сакталган маалыматты активдештирүүгө жана жетпеген маалыматты издөөгө жардам берет.

Педагог катары коюлган максатка жетүүдө жогоруда айтылган сынчыл ойломдун ыкмаларын колдонуу варианттарын карап көрсөк. Мисалы, "Моголстан мамлекети" темасына аталган ыкмалардын бардыгын колдонсо болот. Өзгөчөлүгү, алардын татаалдыгында жана жеңилдигинде. Педагогикалык практикамда бир эле ушул темага класстерди жана концептуалдык картаны колдонуп көргөндө кызыктуу жыйынтыкка келгенмин. Завуч бизден бир сабакта 5-6 окуучуну баалоону талап кылчу. Тарых предметин оозеки өтүүгө туура келгендиктен 45 мүнөттө 5 же 6 окуучуну баалап жетишпейсиң. Ошондуктан мен дайыма колдонмо дептерди колдонуп, окуучуларды баалачумун. Алгач окуучуларга класстерди жана концептуалдык картаны колдонууга уруксат бергенде, класстер ортодон төмөн окуган окуучулар үчүн жеңил, концептуалык картаны жакшы окуган окуучулар колдонсо керек деп ойлодум. Жыйынтыгында жакшы окуучулар жана ортодон төмөн окуучулар концептуалдык картаны туура толтурушуп, ал эми класстерди орто окуган окуучулар көбүрөөк колдонушту. Кийинки сабактарда дагы начар окуган окуучуларды атайын доскага чыгарып, концептуалдык карта толтуртчумун. Мени окуучуларымдын мен татаал деп эсептеген концептуалдык картаны мыкты өздөштүрүп алышкандыгы абдан кубандырчу. Мындан максатка жетүүнүн оңой же татаал жолун тандоо дагы сынчыл ойломдогу негизги иш-аракет экендигин белгилегим келет.

Ар бир иштин аягында максатка жетүү абдан маанилүү. Сабакта көбүнчө максатка жетүү үчүн болгон аракет текке кетпегендигин баалоо менен көрсөтөбүз. Сынчыл ойломдо окуучуларга бул суроону берүү менен аларды дагы бир жолу тандаган жолу туура экендигине ынанууга, же оюн башкача өзгөртүүгө боло тургандыгына багыттайбыз.

Демек, сынчыл ойлонуу

1-ден, өз алдынча, эркин болуп,

2-ден, өздөштүрүлгөн билимди иштетүүгө негизделип,

3-дөн, суроонун туура коюлушу жана проблеманы аныктоодон башталып,

4-дөн, ишендирүүчү аргументтерге таянуу менен

5-ден, социалдашуусу, т.а. оозеки же жазуу түрүндө башкаларга жеткирилиши керек [3].

Биз өзүбүз биринчиден сынчыл ойлонуу менен окуучуларды сынчыл ойлонууга тарбияласак туура ойлонгон, дени сак улутту, жарандарды мамлекетке беребиз деп ойлойм. "Миңдеген чакырымга кеткен жол, бир кадамдан башталат" деген Конфуцийдин сөзүнө таянып, бул макала сынчыл ойломго болгон изилдөөнүн башталышы экендигине күмөнүм жок. Кийинки изилдөөдө, менин оюмча кургак эле айтылып жаткан компетенттүүлүктөргө окуучуну кантип сынчыл ойлом аркылуу тарбиялоо керектигин ачкым келет. Анткени, комепетенттүүлүк сынчыл ойломдон келип чыгат, же сынчыл ойломдун дагы бир аталышы компетенттүүлүк.

**Адабияттар:**


1. Брюшинкин В.Н. Критическое мышление и аргументация. Калининград. 2003. С. 29-34.
2. Выготский Л.С. Мышление и речь. Изд. 5, испр. – Издательство "Лабиринт", М., 1999. – 352 стр.
3. Дэвид Клустер. Что такое критическое мышление. Газета "Русский язык". № 29/2002. http://rus.1september.ru/article.php?ID=200202902
4. Жалпы республикалык тестке даярданабыз. Абитуриенттер үчүн колдонмо. Тарых. Б. 2013.
5. Кыргыз тили жана адабиятынан 5-9-класстын мугалимдери үчүн куррикулум боюнча методикалык колдонмо. Б.2009.
6. Пиаже Жан. Речь и мышление ребенка. Римис. 2008. 291 стр. (28-29 стр.).

7. Психология критического мышления. Д. Халпрен. pdf. Издательство: Питер. 2000 г. 405 стр.
8. Психология и педагогика : учебное пособие/ С.И. Самыгин и.др. – М. : КНОРУС, 2012. – 480 с. (185 стр.)
9. Ушинский К.Д. Собрание сочинений. «Человек как предмет воспитания. Опыт педагогической антропологии». VI глава. Мышление OCR Biografia.Ru
10. http://festival.1september.ru/articles/415219/